■ Дели дей баштадык

# ТУРИСТТЕРДИ КӨБҮНЧӨ УЧАКТАР ТАШЫЙТ. АВИАКОМПАНИЯЛАРДЫН АБАЛЫ КАНДАЙ?



***Кыргызстанда эмне кирешелүү тармак? Эл эмне кылса тез байыйт? Бизнестин кандай түрлөрү бизге кирип жатат? Салттуу бизнес менен жаңы түшүнүктөгү түрдүү бизнесте, интернет бизнесте кандай айырмачылыктар бар? Ушундай суроолорду алпурушуп азыр жаштар акча табуунун ар түрдүү жолуна түшүп, изденүү менен жаңы мүмкүнчүлүк жаратышууда. Кыргызстан коңшу өлкөлөрдөн өзгөчө туристтерди тарта алышы менен айырмаланат. Ага биздин тоолор, көлдөр, кооз жаратылыш шарт түзөт. Бирок туризм багытында кемчиликтер эгемендик алгандан бери жоюлбай келет. Учактардын өнүккөн өлкөлөрдөн түз учуп келбегени, жолдордун начардыгы, дааратканалардын жоктугу, кызмат көрсөтүүнүн начардыгы, кымбаттыгы, системалуу рекламанын жоктугу дайыма кедергисин тийгизет. Экономика журналисттеринин клубу журналисттерди жайдан бери бир топ бизнесмендер менен жолуктурду. Бул жолкусунда туризм багытындагы ишкерлерге кезиктик. Мага таасир калтырган “Эйр Манас” авиакомпаниясынын директорунун орун басары Данияр Арынов болду.***

**- Бизге массалык же элиталуу туризм керекпи? Азыр туризмдин абалы кандай?**

- Биз студент кезде акча табуу үчүн жайкысын Түркияга иштегени кетип калчубуз. Түркия дүйнөдөн туристтерди тартуу жолдорун мыкты өздөштүргөн эмеспи. Ошондон кийин туризмге кызыгып калдым. 2012-жылдан бери жарандык авиацияда иштейм. Авиация түздөн-түз туризмге байланыштуу, анткени авиакомпаниялар дүйнө жүзүнөн туристтерди башка - автожол, темир жол, деңиз жолуна караганда көбүрөөк алып келет. Азыр адамдардын убактысы өтө ченелүү, алар жолго кеткен убакытты кыскарткысы келет. Биздин “Эйр Манас” авиакомпаниясы 2015-жылы Бишкек – Дели каттамын ачкандан кийин индус туристтердин бизге көбүрөөк келишине шарт түздүк деп ойлойм. Ушул айдан баштап “Авиатрафик” компаниясы да Делиден жүргүнчүлөрдү ташый баштады. 1 млрд 367 миллиондон ашык калкы бар Индиядан туристтерди тартууну ТИМ дагы жакшы колго алууда. Кыргызстан массалык эмес, элиталуу туризмди өнүктүрүүнү колго алышы керек. Массалык болуп кетсе, көлүбүздү чөлгө айландырып алышыбыз мүмкүн. Өтө бай адамдар үй-бүлөсү менен 3-4 ай жашап кетсе, пайдалуу болот. Мисалы, ысык өлкөдөн бай арабдар, индустар келип, жайкы сезондо Ысык-Көлдө жатса болот. Виза, баа, коопсуздук маселеси чечилсе, туризм жакшы жолго коюлат.

**- Жарандык авиация эмне себептен эмгиче кара тизмеден чыкпай турат?**

- Мунун негизги себеби – кадр маселесинде деп ойлойм. Бул жерге реформа жасоо керек. Текшерүүчүлөр, аудиттер, инспекторлор сөзсүз КАОнун окууларын окуп турушу, буга чоң акчалар сарпталышы керек. Кызматкерлерге эки эсе айлыктарды көбөйткөндө гана мыкты кадрлар иштейт. Кыргызстанда таза иштеген адам айлыгына үй-бүлөсүн бага албай калды. Айласы кеткенде адамдар ар кайсы тармакка кетүүдө. Реформа менен кадр маселесин чечпесе болбой калды. Азыр кара тизмеден чыгууга катуу чаралар көрүлүп жатат, иштин 95%ы бүтүп калды. Ал эмнеге кедергисин тийгизет? Учактын баасы, камсыздандыруу кымбат болот, биздин учактар барып конгон жеринде кайра сертификациялоодон өтүш керек. Мунун баары коммерциялык ишке байланыштуу, учактардын башка өлкөлөргө учуп-конуусуна эч кедергисин тийгизбейт. Муну учактардын түз Бишкекке учпай жатканынын себеби деп түшүнбөш керек. Мисалы, азыр Америкага түз учак учуралы десек, анын ичи жүргүнчүлөргө толбосо эмне кылабыз? Кеп ушунда.

**- Бизде жалпы учактардын абалы кандай? Канча учак бар?**

- Биздин учактар 10-20-25 жашта. Алардын техникалык жагын жакшы караса, кызмат кыла берет. Биздин компаниянын 2 учагы бар.

**- Авиакомпанияларда кандай орчундуу көйгөй бар?**

- Жергиликтүү авиакомпаниялар мамлекетке чоң салык төлөйбүз. Ал эми башка көп өлкөлөрдө салык алынган. Мисалы, учактын тетиктери эле канча кымбат. Тетиктерди чыгарган 4-5 эле мамлекет бар. Өкмөт кээ бир жагдайларда бизге жардам берип, айрым гана салыктардан бошотсо иш алдыга жылып кетмек деп ойлойм. Өзбекстандын Президенти биринчи эле буйруктары менен “Өзбекстан аба жолдорун” бардык салыктардан бошотуп салды.

**- Өзбекстан демекчи, азыр алар да туристтерди тартуу үчүн көп өлкөлөргө визасыз режимди ачты.**

- Туризмдин багыты, көз карашы, табити ар башкача болот. Бири көлгө түшкөндү, бири тоого чыкканды, бири жөө кыдырганды жакшы көрөт. Мисалы, Өзбекстанда маданий, диний туризм. Жашы өтүп калган адамдар ыйык жайларды, эстеликтерди, тарыхый жерлерди көрүү үчүн барышат. Алар эртеден кечке жетелешип алып кыдырып жүрө беришет. Кыргызстанга болсо тоого чыгууну каалагандар, көлгө түшүүнү каалаган коңшу казактар, өзбектер келишет. Индияда калктын көбү эптеп алачыкта жашап жатканына бактылуу болгондор. Элинин 300 миңге жакыны Европа элинен бай жашашат. Байлары 3-4 айга үй-бүлөсүн Скандинавия, Швейцарияга алып барышат. Анткени жайкысын Дели, Бомбейде 60 градус ысык. Түркиянын элин Көлгө түшүрүш үчүн тарта албайсың. Аларды деңиз курчап жатат. Жылуу суга түшкөнгө көнүп калышкан. Орустар көлгө түшө берет, немистер велосипед менен кыдырып кетет. Туризмде кайсы эл эмнени каалаарын билишиң керек. Авиация бул маселеде түздөн-түз иштейт. Мисалы, эмнеге Европага Алматы, Москва аркылуу учабыз дешет. Анткени, Бишкектен жүргүнчү толбойт. Түштүк Корея, Малайзияга бир учак толо турган жүргүнчү чыкпайт. Жарымы толсо биз учабыз, жарымы да толбойт. Азыр биз Үрүмчү каттамын жаптык, анткени саясий маселе чыкты. Кытайга виза алуш 2 жылдан бери өтө кыйындап кетти. Визасы жок адамдар уча албай калды. Учакты абага көтөрүш чоң акча. Бул жактын аэропортуна, конгон өлкөнүн аэропортуна, аба коридоруна төлөйсүң. Туркомпаниялар бир өлкөнүн туристтерин тартып жатабыз дегени менен биз учуп барып, кайра келип, бирок учагыбыз толбосо чыгым болобуз да. Учактын техникасы, иштегендерге айлык акы, айтор көп чыгым менен иштейбиз. Биз авиакомпания катары ар бир өлкөнүн ички себептерин: эмнеге жүргүнчүлөрдүн саны бул өлкөдөн азайды, эмнеге бул өлкөгө көбөйдү деп изилдеп турабыз. Мисалы, быйыл Россияга учкандардын саны азайып, Түркияга көбөйдү. Кээ бир учурда тескерисинче болот.

**Данияр мырза менен сүйлөшүп сыртка чыксак, мына минтип велосипед тээп кетти. Чиновниктин арабызда велосипед тээп калганына үч жыл болуптур. Чыныгы туризм бизнесинин адамы экенин тастыктап, табияттын таза кучагында спорт менен ден соолугун чыңдап жүргөнү кандай сонун көрүнөт.**

**Сымбат МАКСУТОВА**

---

■ Парламенттик угуу

# "РАСМИЙ СТАТИСТИКА ЖӨНҮНДӨ" МЫЙЗАМ ДОЛБООРУ ТАЛКУУГА АЛЫНДЫ



***Статистика – универсалдуу тил делет. Ал баарына бирдей түшүнүктүү. Статистика өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө байкоо жүргүзүү үчүн маанилүү. Расмий статистика чыныгы маалыматтардын негизинде саясий чечим кабыл алуу үчүн негизги каражат болуп эсептелет, ошондой эле экономикалык жана социалдык реформалар процессинде ачык-айкындуулукту жана отчеттуулукту камсыз кылуу үчүн маанилүү курал болуп саналат. Андыктан статистикалык маалыматтардын чын, такталган болушу негизги маселелердин бири.***

Кыргыздар тууралуу алгачкы статистикалык маалыматтар 1842-жылдары чогултулуп баштап, 1917-жылы волост, уезддерден кыргыздар тууралуу маалыматтар так алына баштагандыгы белгилүү. Ал эми Кыргызстан эгемендүүлүктү алгандан бери 1994-жылы биринчи жолу Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик статистика жөнүндө» биринчи мыйзамы кабыл алынган. Дал ушул мыйзамдын базасында 2007-жылы «Мамлекеттик статистика жөнүндө» жаңы мыйзам кабыл алынган. Бул мыйзам ушул күнгө чейин иштейт. Бирок, адистердин айтымында бул мыйзамда айрым мүчүлүштүктөр орун алып, статистикалык маалыматтардын дал келбөөчүлүк фактылары да аныкталууда. Муну эске алып, 2018-жылдын 30-октябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары М.Мадеминовдун жана Б.Турусбековдун демилгелери менен "Расмий статистика жөнүндө" мыйзам долбоорунун жаңы редакциясын талкуулоо боюнча парламенттик угуулар өткөрүлдү. Эл өкүлдөрү сунушталып жаткан мыйзам долбоору эл аралык талаптарга ылайык келет деп ишендиришти.

Макулдашылган, такталган жана эл аралык салыштырмалуу статистикалык маалыматтар расмий статистиканын сапатын жана ишенимдүүлүгүн көтөрүүгө багытталган жана саясий чечимдерди кабыл алуучу жактарга керектүү стратегияларды иштеп чыгууга, өз ишинин натыйжасына мониторинг жүргүзүүгө жана аны объективдүү баалоого мүмкүндүк берет.

"Расмий статистика жөнүндө" мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын улуттук мыйзамдарынын өзгөчөлүктөрүн жана талаптарын эске алуу менен иштелип чыккан.

Мыйзам долбоору расмий статистика тармагында БУУнун фундаменталдык принциптерине жана эл аралык деңгээлде кабыл алынган статистикалык стандарттарга жана жолдомолорго ылайыкташтырылып, Кыргыз Республикасынын мыйзам чыгаруу базасын өркүндөтүү, статистикалык түзүү процессин интеграциялоо, чыгарылуучу маалыматтардын сапатын жана алардын колдонуучуларынын ишенимин көтөрүү, ошондой эле статистикалык интеллектуалдык потенциалды күчөтүү үчүн алдыңкы маалыматтык-коммуникациялык технологияларды ишке киргизүү зарылчылыктарына багытталган.

Мыйзам долбоорундагы негизги өзгөртүүлөр: расмий статистиканын жаңы системасы, БУУнун статистика жаатындагы фундаменталдык принциптери, Улутстаткомдун ачык саясаты, Статистика боюнча кеңештин ишине жарандык коомду тартуу болуп эсептелет.

Мыйзам долбоору ошондой эле статистикалык максаттардагы маалыматтарды бере турган респонденттердин милдеттерин аныктайт, алардын укуктарын жана купуя маалыматтарын коргоого кепилдик берет. Мыйзам долбоору административдик маалыматтардын булактарына улуттук статистикалык башкармалыктардын жеткиликтүүлүгүн жана маалыматтардын статистикалык максаттарда колдонуусун жөнгө салат.

**Мыйзам долбоору төмөндөгүдөй негизги элементтерди камтыйт:**

- *административдик маалыматтан айырмаланып, расмий статистиканы аныктоону;*
- *расмий статистиканы түзүүчүлөрдүн ар кайсы типтерин аныктоо жана белгилөөнү;*
- *расмий статистиканы түзүүчүлөрдүн кесиптик көз карандысыз уюмдарынын жана уюштуруучулук бирдиктеринин принцибин;*
- *өлкөдө расмий статистиканын негизги түзүүчүлөрү жана расмий статистика системасынын координатору катары Улуттук статистика комитетинин ролун;*
- *пайдалануучулардын болгон жана жарала турган керектөөлөрүнө өзгөчө көңүл бөлүү менен ыкчам жана стратегиялык пландоону;*
- *маалыматтарды чогултуу жана административдик маалыматтардын булактарына жана башка маалыматтарга жеткиликтүүлүгү боюнча ыйгарым укуктарды;*
- *купуялуу статистикалык маалыматтар менен иштөө принциптерин жана жол-жоболорун;*
- *пайдалануучулардын кызыкчылыктарын эске алуу менен сапатын башкарууну;*
- *пайдалануучулардын жана бардык тийиштүү топтордун арасында расмий статистиканы жайылтуу принциптерин.*

Учурда Улуттук статистикалык комитет жылына 3,7 миллиард баштапкы көрсөткүчтөрдү иштеп чыгат, 24 миң статистикалык иштерди аткарат, 350 статистикалык жыйнактарды жана басылмаларды жана 900 экспресс-маалыматтарды чыгарат.

ЕАЭБ менен кызматташтыктын чегинде Евразиялык экономикалык комиссиянын Программасына ылайык, 487 статистикалык иштерди аткарат.

КМШ Статкомитетинин иштеринин Программасына ылайык 600 статистикалык иштерди жүргүзөт. Эгер жаңы мыйзам долбоору кабыл алынса, комитеттин иши мындан да жакшырып, статистикалык маалыматтардын жеткиликтүүлүгү, тактыгы эч бир маселе жаратпай калаары бышык дешет мыйзам долбоорунун демилгечилери.

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**